TÜRK TİLDÜY ÖLKÖLÖRDÜN PARLAMENTTİK ASSAMBLEYSY

СОЦИАЛДЫК, МАДАНИЙ ЖАНА ГУМАНИТАРДЫК МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА КОМИССИЯ

ТОГУЗУНЧУ ЖЫЙЫН

2022-жыл 22-апрель, Баку

“ТҮРКПА ӨЛКӨЛӨРДӨ СОЦИАЛДЫК ИШКЕРДИКТИ КОЛДОО”

ОТЧЕТ

I. КИРИШМЕ

1. Казакстандын Түркстан шаарында өткөн ТүркПАнын 10-пленардык сессиясында кабыл алынган 2022-жылга карата Катчылыктын иш-чаралар планына ылайык, ТүркПАнын Социалдык, маданий жана гуманитардык маселелери боюнча комиссиясынын 9-жыйынынын “ТүркПА өлкөлөрдө социалдык ишкердикти колдоо” аттуу темасы кабыл алынды.
2. Белгилүү болгондой, Жакырчылыкка каршы күрөш дүйнөлүк коомчулуктун күн тартибиндеги негизги маселе болуп саналат. Учурдагы COVID-19 пандемиясынын шартында өлкөлөр үчүн калктын бакубатчылыктын жетишилген деңгээлин сактап калуу кыйын. Үмүтсүз жакырчылыкка кабылган адамдардын саны өсүүдө. Эң жаманында бул жагдай коомдун деструктивдүү элементтерин жана радикал топторду азыктандырат, ошондой эле балдардын жакырчылыгын, мителикти жана үмүтсүздүктү улантат. Тилекке каршы, калктын социалдык жактан аялуу катмары негизги тобокелдик тобу болуп калууда, мисалы, түрдүү категориядагы майыптар, бой бир ата-энеси бар толук эмес үй-бүлөлөр, аз камсыз болгон көп балалуу үй-бүлөлөр, жетим балдар, өзгөчө жашы жеткендер, социализациялоодогу кыйынчылыкка дуушар болгон түрмөдөн бошотулган адамдар жана башкалар.

3. Ошондуктан, калктын бул тобу үчүн коомдук байлыкты өндүрүүсүн стимулдаштыруу, коомдук жашоосунда катышууга чакыруу абдан маанилүү. Аларды ишкердикке тартуу үчүн мамлекет бардык чараларды көрүшү зарыл.
4. Калктын социалдык жактан аялуу катмарын ишкердикке тартуу жакырчылыкты жоюу процессине чоң жардам берет, социалдык шарттарды жакшыртууга жардам берүү жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө салым кошуу, ошондой эле социалдык жактан аялуу топторго, анын ичинде жакырларга, аялдарга жана жаштарга комплекстүү оң натыйжа берүүгө мүмкүндүк берет. Бул ыкма экономикалык өсүштү стимулдаштыруу, өндүрүштүк потенциалды чыңдоого жана жумуш орундарын түзүүгө жардам берүү аркылуу туруктуу өнүгүүгө олуттуу салым кошо ала тургандыгы маанилүү.
5. 2018-жылдын 20-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан туруктуу өнүгүү үчүн ишкердик боюнча кабыл алынган резолюция туруктуу жана инклюзивдүү өнүгүүгө өтүүдө ишкерлердин жана ишканалардын борбордук ролун дагы бир жолу тастыктады. Резолюцияда ишкердик жумуш орундарын түзүү жана инновацияларды жайылтуу аркылуу экономикалык өсүштү түрткү кылат деп таанылат. Андан тышкары, документте ишкердиктин социалдык биримдикти курууга, теңсиздикти кемитүүгө жана бардык, анын ичинде аялдар, жаштар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар жана калктын аялуу катмары үчүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө кошкон оң салымы таанылат.
6. Ушуга байланыштуу, инклюзивдик өсүштү камсыз кылуу үчүн ишкердикти өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарын, тактап айтканда, социалдык ишкердикти, ошондой эле ишкердик программалары аркылуу аялдар жана жаштар сыяктуу социалдык аялуу топтордун экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү курсун аныктоо маанилүү.
7. Өндүрүштүк потенциалды түзүүчү жана жакырчылыкты кыскартуу боюнча узак мөөнөттүү максат менен байланышкан ишкердик саясатын натыйжалуу ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн өндүрүмдүүлүктүн өсүшүн инклюзивдик жана туруктуу түрдө тездетүү үчүн максаттуу иш-чаралар зарыл, ошондой эле калктын аялуу топторун коргоо жана социалдык интеграцияга көмөк көрсөтүү үчүн зарыл кепилдиктерди берүү. Бул контекстте, мисалы, калктын аялуу катмарын маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонууга тартуу чечимдердин бири болушу мүмкүн.

8. Бейартыкчылыктуу топтордун ишкерлери инкубациялоону жана акселерацияны камтыган негизги окутууга жана бизнести өнүктүрүү кызматтарына муктаж. Ушуга байланыштуу калктын бул катмарын колдоо үчүн комплекстүү мамлекеттик мамиле керек.
9. Калктын социалдык жактан аялуу катмарлары туруктуу жакырчылыкка көбүрөөк дуушар болушат, бул социалдык өнүгүүдөн ажырап калуу, алсыздык, көз карандылык жана таандык эместик сезиминин калыптанышына алып келиши мүмкүн. Баарынан да жаманы, бул абал өсүп келе жаткан муунга да өтүп кетиши мүмкүн, алар өз абалын жеңилгис катары кабыл алып, натыйжада үмүтсүздүк жана кутулбастык аларды жутуп жиберет. Акыр-аягы, бул туруктуу маргиналдык сезимге, өзүнүн төмөндүгүнө жана коомдук жыргалчылык үчүн жеке эч нерсеге арзыбастыгына алып келиши мүмкүн. Бул сезимдер адамдардын бул тобунун аң-сезиминде канчалык терең орун алса, алар девианттык жүрүм-турумга ошончолук оңой ыктайт, ал эми эң начар учурда коомдун деструктивдүү элементтеринин ажырагыс бөлүгү катары өнүгүп, коомду туруксуздаштыруунун фактору катары кызмат кылат.
10. Ошондуктан, аларды коомдук байлыкты өндүрүү процессине тартуу, коомдук мамилелердин тутумуна аралашуу жана коомдук турмушка өздөрүнүн катышуусун сезүү мүмкүнчүлүгүн берүү абдан маанилүү.

II. ТҮРКПА ӨЛКӨЛӨРҮНҮН АРАСЫНДА СОЦИАЛДЫК ИШКЕРДИКТИ КОЛДОО БОЮНЧА АРАКЕТТЕР

Азербайжан

11. 2021-жылдын 17-сентябрында Чакан жана орто ишканаларды өнүктүрүү агенттигинин (КОБИА) жана Эмгек жана Азербайжан калкын социалдык коргоо министрлигинин алдындагы Иш менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик агенттиктин колдоосу менен, КОБИАнын алдындагы Коомдук Кеңештин жана «Майып ишкерлердин уюму» коомдук бирикмесинин өнөктөштүгү бирге уюштурган “Азербайжандагы социалдык ишкердик: учурдагы абал жана перспективалар” аттуу форум болуп өттү. Иш-чарага тиешелүү мамлекеттик органдардын, бизнес жана коомдук бирикмелердин өкүлдөрү, Ата Мекендик согуштун ардагерлери жана социалдык ишкердик менен алектенген же ишкерликке кызыккан майыптар катышты. Форумда социалдык

ишкердиктин мааниси, Азербайжанда бул тармакты өнүктүрүү жана жайылтуу багытында аткарылган иштер тууралуу пикир алмашылды.

12. КОБИА маалыматы боюнча, 2021-жылдын 1-январына карата юридикалык жакты түзбөстөн жеке ишкердик менен алектенүү үчүн катталган ишкерлердин 21,3% аялдар. Бакуда жана Азербайжандын ар кайсы аймактарында ишкерлерди окутуу, билимин жана көндүмдөрүн кеңейтүү, сатуу рынокторуна жана финансылык ресурстарга жетүү жаатында КОБИАнын ишмердүүлүгү жана колдоосу менен пайдаланган жарандардын 30%дан ашыгын аялдар түздү.
13. 2021-жылы Мамлекеттик иш менен камсыз кылуу агенттиги жана Азербайжанга Бириккен жардам (UAFA) биргелешип ишке ашырып жаткан “Менин мектебим” долбоорунун алкагында Баку, Шамахи-Исмайилли жана Масалли-Жалилабад-Биласувар чакан жана орто ишканаларынын аялдары үчүн тренингдер өткөрүлдү. Тренингдердин жүрүшүндө долбоорго катышкан 65 аял чакан жана орто бизнестин эксперттери тарабынан продукциянын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, товарлардын тобунун, өздүк наркын эсептөө, инвестициялык планды түзүү, кирешелер жана чыгымдар планы, пайда жана чыгым боюнча отчет, башка чыгымдарды пландаштыруу жана бизнес-план даярдоо боюнча маалымат алышты.
14. Азербайжандагы социалдык долбоорлордун бири – “Гүлдөгөн Апшерон”. Долбоордун максаты – өз алдынча иш менен камсыз кылуу саясатынын алкагында жергиликтүү калктын көбүрөөк киреше алуусун колдоо аркылуу үй-бүлөлүк чарбаларды өнүктүрүүгө салым кошуу. Долбоордун алкагында Баку шаарында жана айылдарда жашаган үй-бүлөлөргө өстүрүү үчүн түрдүү өсүмдүктөр берилген, бул өсүмдүктөр бир аз убакыттан кийин үй-бүлөлөрдөн көрсөтүлгөн кызмат акысы катары кайра алынды. Үй-бүлөлөр өз короосуна үйдөн чыкпастан эгин өстүрүү менен кошумча киреше алып, үй-бүлөлүк бюджетти камсыз кылышат. Тактап айтканда, көрктөндүрүү иштеринде колдонулган өсүмдүктөр косметикалык жана фармацевтикалык буюмдарды жана майларды өндүрүүдө колдонула баштады.
15. “Жаштар бизнес семинары” деп аталган долбоордун максаты кесиптик билим берүү борборлорунда билим алып жаткан жаштардын ишкердик жөндөмүн өнүктүрүү, ишкердик активдүүлүккө көмөк көрсөтүү, өз алдынча иш менен камсыз кылуу, микро жана чакан ишкерлер арасында кесиптик билим алган жаштардын санын көбөйтүү, жаңы бизнес демилгелерди колдоо, кесиптик билимге болгон кызыгууну арттыруу. Долбоордун алкагында тигүүчүлүк, өсүмдүк өстүрүүчүлүк

жана мал чарбачылыгы, килем токуучулук, агротехникалык тейлөө, жыгач уста, слесарь, ашпозчу, кондитер, туризм жана ширетүүчү адистиктери боюнча бизнес тренингдерге тартылат жана өз алдынча иш менен камсыз кылуу программасынын алкагында микро бизнести уюштуруу үчүн тиешелүү жабдуулар берилет.

16. Майыптарды жана калктын аялуу катмарына кирген адамдарды коомго интеграциялоо жана социалдык ишкердикти өнүктүрүү максатында “Майып ишкерлерди колдоо” долбоору ишке кирди. 2021-2023-жылдарды камтыган долбоордун алкагында ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана ишкердикке кызыккан адамдар килем токуу, тигүүчүлүк, фото жана видеооператорлор, тиричилик жана электрондук жабдууларды оңдоо боюнча кесиптик билимге ээ болушат. Бул максатта долбоордун өнөктөштөрү Масалли индустриалдык зонасында профессионалдык тренингдерди, бизнес-пландарды даярдоону, менеджмент жана ишкердикти өнүктүрүү жаатында консультациялык кызматтарды көрсөтөт. Тиешелүү окуулардан ийгиликтүү өткөн адамдар өз алдынча иш менен камсыз кылуу программасынын алкагында иш менен камсыз кылуу мамлекеттик агенттиги тарабынан тиешелүү жабдуулар менен камсыздалат.

Казакстан

17. 2021-жылдын 24-июнунан тарта Казакстанда социалдык ишкердик чөйрөсү мыйзамдуу түрдө жөнгө салынган. «Социалдык ишкердик жөнүндө» мыйзамга ылайык, жарандардын социалдык жактан аялуу категориялары үчүн өз ишканаларында жумуш орундарынын жалпы санынын 50%дан кем эмес жумуш орундарын түзгөн же калктын социалдык аялуу катмары үчүн товарларды чыгарган ишкерлер, алардын кирешеси ишкананын жалпы кирешесинин кеминде 50%ын түзгөн же социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле саламаттыкты сактоо, билим берүү, тарбиялоо, маданият жана спорт чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдү сатуу, алар социалдык ишкердиктин субъекти деген статусун алууга туура келет. Бул статус ишкерлерге инфраструктураны камсыздоо, гранттык каржылоо, кредиттердин ставкаларын субсидиялоо, мүлктүк колдоо, салык жеңилдиктери, окутуу, маалыматтык колдоо, бизнес өнөктөштөрдү табууга көмөк көрсөтүү, акселерация программалары аркылуу өнүктүрүү боюнча мамлекеттик колдоо чараларын алууга мүмкүндүк берет. Казакстан Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматы

боюнча, буга чейин 100гө жакын компания жеңилдетилген салыктан пайдаланат.

18. 2022-жылдын башынан тарта Казакстан Республикасынын Улуттук экономика министрлиги тарабынан социалдык ишкердик субъекттерин каттоонун электрондук платформасы ишке киргизилди. Электрондук реестр төрт категория боюнча социалдык ишкердиктин субъекттерин камтыйт, алардын арасында үчөө калктын социалдык жактан аялуу катмарын, мисалы, майыптар, көп балалуу жана толук эмес үй-бүлөлөрдөн чыккан жарандар, эркинен ажыратуу менен түрмөдөн бошотулган жарандар жана башкалар, аларды иш менен камсыз кылуу, алар чыгарган товарларды сатышын жеңилдетүү, колдоо көрсөтүүгө багытталган, ал эми төртүнчүсү – экономика тармактарында коомдук пайдалуу максаттарды жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүнү камсыз кылат.
19. Эмгек жана калктын социалдык коргоо министрлигинин маалыматы боюнча, Казакстанда социалдык ишкердикти колдоо үчүн салык мыйзамдарында бир катар стимул чаралары каралган. Мисалы, 51% ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү кызматкерлери бар субъекттер корпоративдик киреше, социалдык жана жер салыктарынан бошотулуп, мүлк салыгын эсептөөдө жеңилдиктерге ээ. Мындан тышкары, ар бир ишкер үчүн салык жүгү майыптарга төлөнүүчү эмгек акынын суммасынан 2 эсеге жана майыптарга эмгек акыга жана башка төлөмдөргө социалдык салыктын суммасынан 50%га төмөндөйт. Майыптар жеке киреше салыгын төлөөдөн да бошотулат. Учурда Казакстанда 674 миңге жакын мүмкүнчүлүгү чектелген адам каттоодо турат жана алардын 3%дан азы жумуш менен камсыз болгон.
20. 2020-жылы Казакстан Республикасынын Эмгек жана калктын социалдык коргоо министрлигинин маалыматы боюнча “Парыз” социалдык жоопкерчилик бизнес сынагынын алкагында 309 компания сыйлыктын алуучулары болгон, анын ичинде “Казакстанда эң мыкты социалдык долбоор ишке ашырылган” номинациясында дагы. Кошумчалай кетсек, ошол эле жылы «Энбек» 2017-2021-жылдарга өндүрүштүк иш менен камсыз кылууну жана массалык ишкердикти өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын алкагында 460 миллион теңгеге 364 грант берилген.

Кыргызстан

21. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-ж 1-июндагы №20-р буйругу менен Кыргыз Республикасында социалдык

ишкерлерди тейлөө борборун (мындан ары-ИТБ) түзүү тартиби жана шарттары бекитилген. Бул буйруктун алкагында КР Министрлер Кабинетинин алкагында 2021-жылдын 25-ноябрында Бишкек шаарында ИТБ ишке киргизилген. Башкаруу тутумун милдеттери болуп салыктык башкаруу жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү, лицензиялык-уруксат берүү документтерин берүү, окутуу аркылуу ишкерлердин компетенцияларын жана көндүмдөрүн өнүктүрүү бөлүгүндө мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана финансы-кредиттик мекемелер тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик жана башка кызматтарды алууда ишкерлерди (жеке жана юридикалык жактарды) сапаттуу жана өз убагында тейлөө эсептелет. Келечекте мындай ИТБ Ош шаарында республиканын башка региондорунда ачык болоору болжолдонууда.

22. КР Министрлер Кабинетини 2021-жылдын 17-ноябрындагы №270 буйругу менен аялдар ишкердүүлүгүн колдоо жана өнүктүрүү боюнча 2022-2026-жылдарга программасы бекитилген. Европалык реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы (ЕРӨБ) жакынкы беш жылга аялдардын ишкердүүлүгүн насыялоо аркылуу колдоону пландаштырды. Тактап айтканда, ЕРӨБдүн планында аялдар башкарган компанияларды кийинки насыялоо үчүн Кыргызстанга 12 млн. АКШ доллары берүү каралган. Мындан тышкары, дагы 1 млн. АКШ доллары банк бизнести өнүктүрүү үчүн жергиликтүү консультанттардан жана эл аралык эксперттерден менторингге жетүү үчүн ишкерлерди камсыз кылат. Аялдар ишкерчилигин колдоо 2022-2026-жылдарга Кыргызстанда аялдар ишкерчилигин өнүктүрүү долбоору боюнча жүргүзүлөт.
23. Ишкерлерди арзан узак мөөнөттүү акча менен камсыз кылуу үчүн жалпы уставдык капиталы 66 млн. АКШ долларын түзгөн Кыргыз-Өзбек жана Кыргыз-Венгрия өнүктүрүү фонддору сыяктуу өнүктүрүү фонддору түзүлдү.
24. 2021-жылдын 6-декабрында КР Президентинин Жарлыгы кабыл алынган, ага ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна товарларды, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү жылдык жүгүртүү менен 8 млн. сомго чейин жеткирип берүүчү субъекттерди киреше салыгынан жана камсыздоо төгүмдөрүнөн башка салыктарды төлөөдөн бошотулат.
25. Кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасындагы чыр-чатактан жабыркаган Баткен облусунун социалдык ишканаларына мамлекеттик колдоо

көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын Президенти «Биринчи кезектеги чаралар жөнүндө» Жарлыкка кол койду. Бул Жарлыкка ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы № 115 токтому кабыл алынган. Бул токтомго ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан Баткен облусундагы 76 жабыр тарткан социалдык ишкерге келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча 14 505 000 (он төрт миллион беш жүз беш миң) сом суммада бир жолку компенсация төлөп берилди жана төмөнкү шарттарда, жабыр тарткан социалдык ишкерлерге 15,200,000 (он беш миллион эки жүз миң) сом суммасында бюджеттик насыя берүү милдети коюлду.

Түркия

26. Түркиянын Эмгек жана социалдык коопсуздук министрлиги (мындан ары – ЭСКМ) коомдун бардык катмарларынын, өзгөчө аялдардын, жаштардын, майыптардын жана өзгөчө саясатты талап кылган башка топтордун бирдей мүмкүнчүлүктөр менен ишке орношуусуна жетишүү үчүн иштерди жүргүзүп келет. Бул контекстте, Улуттук иш менен камсыз кылуу стратегиясы (2014-2023) эмгек рыногунун структуралык көйгөйлөрүн чечүү үчүн эмгек жашоонун бардык кызыкдар тараптардын салымдары менен ЭСКМ тарабынан даярдалган.
27. ЭСКМ аялдардын иш менен камсыз болушун жогорулатуу жана алардын эмгек рыногуна кирүүдөгү тоскоолдуктарды жоюу максатында саясатты, долбоорлорду жана маалымдуулукту изилдөө иштерин жүргүзөт. Кошумчалай кетсек, 2016-2017-жылдар аралыгында Европа Биримдигинин кошулууга чейинки жардам көрсөтүү инструменти (IPA) тарабынан каржыланган “Бейартыкчылыктуу адамдардын социалдык интеграциясын жана ишке орноштурууну жакшыртуу” долбоорунун гранттык компонентинин алкагында жалпысынан 23 млн. увро 137 долбоорго которулуп, бул каражаттын 5 миллион евросу аялдарды ишке орноштуруу жана аларды социалдык инклюзициялоо боюнча 30 долбоорго бөлүнгөн.
28. Жаштардын ишке орношуусуна тоскоолдуктарды жоюу жана азыркы жана келечектеги эмгек рыногуна катышуу үчүн алардын ар тараптуу жөндөмдөрүн жана билимдерин өнүктүрүүгө шарт түзүү максатында,

эмгек рыногунун муктаждыктарын, күтүүлөрүн жана тынчсызданууларын эске алуу менен бирге ар кандай уюмдардын, анын ичинде тиешелүү мамлекеттик мекемелердин, кесиптик уюмдардын, социалдык өнөктөштөр, университеттер жана бейөкмөттүк уюмдардын катышуусу менен Жаштарды иш менен камсыз кылуунун улуттук стратегиясы (NYES) жана 2021-2023-жылдарга карата Иш-аракеттер пландары даярдалды.

2023-жылга Стратегиялык документтин негизги максаттары:

– 2020-жылга карата 25,3% түзгөн жаштар арасындагы жумушсуздуктун деңгээлин 2023-жылга карата 17,8%га чейин төмөндөтүү;

– 2020-жылга карата 39,1% болгон жаштардын эмгекке катышуусун 2023-жылга карата 46%га чейин жогорулатуу;

– 2020-жылы 28,3% болгон билимсиздик менен жумушсуздуктун көрсөткүчү 2023-жылы 20%га чейин төмөндөй турганы аныкталган.

29. "Кошумча иш менен камсыз кылуу стимулунун" алкагында, эгерде жеке сектордун иш берүүчүлөрү камсыздандырылган адамдарды ишке киргизсе, өткөн жылдагы камсыздандырылган адамдардын орточо санына кошумча түрдө иштеген ар бир камсыздандырылганга бардык төлөмдөрү жана салыктары өкмөт тарабынан жабылат. Бул контекстте, ар бир камсыздандырылган үчүн ай сайын 1556,53 менен 3792,47 лира ортосунда колдоо көрсөтүлөт. Жаштар (18-25 жаш), аялдар жана эмгекке жарамсыз жарандар кабыл алынса, жөлөкпулдун мөөнөтү 18 ай деп эсептелет.
30. 2011-жылдан тартып иш берүүчүнүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн үлүшү "Аялдар, жаштар жана кесиптик күбөлүк ээлери үчүн стимул" алкагында 6 айдан 54 айга чейин камсыздандырылган кирешенин жогорку чегине чейин (733,39дан 5500,41 лирага чейин) камтылган.
31. Бизнес клубдар – бул атайын саясатты талап кылган топторго мисалы, аялдар, жаштар, майыптар, көптөн бери иштебегендер, мурда соттолгондор жана башкаларга методикалык жана мотивациялык колдоо көрсөтүүгө багытталган күчөтүлгөн бизнес жана профессионалдык консалтинг программасы. 2017-жылдын башында ишке киргизилген Бизнес клубдар 2021-жылдын аягына чейин Түркиянын бардык аймагында жайылуусун максат кылынууда.
32. Түркияда майыптарды мамлекеттик сектордо ишке орноштуруу үчүн квота 4%, жеке сектордо 3%; мурда соттолгондор үчүн 2% жумушка орношуу квоталары колдонулат.

33. Майыптар үчүн иш коучинг – бул майыптардын ишке орношуусуна өтүүдө жана ишке орношуу учурунда алардын ишке ыңгайлашуусун камсыз кылууда, демек, майыптардын иш менен камсыз болушунун туруктуулугун камсыздоодо эффективдүү колдонулган ыкма. Жумуш жана Кесиптик Кеңешчилердин тармагынын алкагында учурда Түркиянын 51 провинциясында 73 бирдикте 265 Майыптар үчүн иш коучинг тарабынан кеңеш берүү кызматтары көрсөтүлүүдө.
34. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга өз бизнесин ачуу үчүн гранттык колдоонун алкагында жеке бизнестүү болгусу келген майыптарга 65 миң лирага чейин гранттык колдоо көрсөтүлөт. 2014-жылдан бери 3198 майыпка жеке бизнесин ачууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.
    Ушул контектсте, төмөндөгүдөй колдоо көрсөтүлдү:
    – транзакция түзүү колдоо: расмий транзакциялар, макулдуктар, уруксаттар, жумуш ордун түзүү үчүн жасалган лицензиялар сыяктуу чыгымдар үчүн 5000 лирага чейин;
    – операциялык чыгымдарды колдоо: келишимге кол коюлган күндөн тартып 12 айдын ичинде ишкана тарабынан берилген эсеп-фактурага ылайык, жылына эң көп 15 000 лирага чейин 60%дан ашпаган операциялык чыгымдарды (суу, электр энергиясы, байланыш, жылуулук, ижара акысын көтөрүү) төлөө жардам;
    – уюштуруучулук колдоо: ишкананын негизги ишмердүүлүгүнө байланышкан чыгымдар үчүн, мисалы, техника, жабдуулар, программалык камсыздоо, жабдуулар, чийки зат жана аралык материалдар, сарпталуучу материалдар, кеңсе буюмдары, анын ичинде түзүлгөн келишимге кол коюу күндөн тартып 12 айга чейин эсеп-фактурага 45 000 лирага чейинки колдоо.

III. КОРУТУНДУ

35. Жыйынтыктап айтканда, ТүркПА мүчө өлкөлөр социалдык ишкердик чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча реалдуу иш-чараларды жүргүзүп жатканын белгилей кетүү керек. Ар бир өлкөнүн бул жаатта уникалдуу тажрыйбасы бар жана ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн мындан аркы кызматташтыгы бул коомдук институтту ТүркПА чөлкөмүндө илгерилетүүнүн натыйжалуулугун бир топ жогорулатат.
36. 2030-жылга карата социалдык ишкердикти өнүктүрүү 2030-жылга чейин татыктуу эмгек жана экономикалык өсүш (SDG 8) жана теңсиздикти кыскартуу (ТӨМ 10) боюнча Күн тартибинин Максаттарынын негизги көрсөткүчтөрүнө жетишүүгө мүмкүндүк берет. Ошентип, ТүркПА мүчө

өлкөлөрдүн келечектеги кызматташтыгынын негизги максаттарынын бири бардык аялдар жана эркектер үчүн, анын ичинде жаштар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн толук жана үзүрлүү иш менен камсыз кылуу жана татыктуу жумушка жетишүү жана бирдей эмгекке бирдей акы төлөө болууга тийиш, ошондой эле курагына, жынысына, майыптыгына, расасына, этникалык таандыгына, тегине, динине же экономикалык же башка абалына карабастан, бардык адамдардын социалдык, экономикалык жана саясий жактан камтылышына мүмкүнчүлүк берет жана көмөктөшөт.

37. ТүркПАга мүчө өлкөлөр туруктуу өсүштүн жана экономикалык өнүгүүнүн маанилүү элементи катары социалдык ишкердикти стимулдаштыруу зарылдыгын түшүнөт. Эл аралык кызматташуу бул чөйрөдө илимий-изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды илгерилетүүдөгү негизги маалыматтык платформалардын бири болуп саналат. Ошондуктан ТүркПА мүчө өлкөлөрдүн ортосундагы кызматташтыкты жана өз ара аракеттенүүнү семинарлар, конференциялар же тажрыйба алмашуу программалары сыяктуу биргелешкен иш-чаралар жана акциялар аркылуу кеңейтүү зарыл. Мындай иш-чараларды уюштуруу ТүркПА ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бири болгон моделдик мыйзамдарды иштеп чыгууга жана даярдоого көмөктөшөт.